**«Бекитилди»**
**Кыргыз Республикасынын**
**Адвокатурасынын адвокаттарынын**
**кезектеги төртүнчү съездинин 2025-**
**жылдын 17-майындагы**
**чечими менен**
**Адвокаттар Кеңешинин төрайымы**

**М. А. Бегилерова**

# Кыргыз Республикасынын Адвокаттарынын кесиптик этика кодекси

## 1-берене. Преамбула

1.1. Кыргыз Республикасында адвокаттардын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен кепилденген жарандардын жана уюмдардын негизги укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарына коргоодо эң маанилүү роль ойнойт.

1.2. Адвокаттык кесиптин максаты жарандык жана юридикалык жактарга алардын мыйзамдуу укуктарын коргоо үчүн квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү болуп саналат.

Адвокаттык коомчулуктун болушу жана ишмердүүлүгү корпорациялык тартипти жана кесиптик этиканы сактоосуз, адвокаттардын өздөрүнүн абийири жана ар-намысы жөнүндө, ошондой эле адвокатуранын аброю жөнүндө камкордугусуз мүмкүн эмес.

1.3. Адвокаттардын кесиптик этика кодекси (мындан ары текст боюнча – «Кодекс») адвокаттык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууда ар бир адвокат үчүн милдеттүү болгон, Адвокатуранын адеп-ахлактык чен-өлчөмдөрүнө жана салттарына, ошондой эле адвокаттык кесиптин эрежелерине негизделген, жана «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган жүрүм-турум эрежелерин аныктайт. Кодекс Кыргыз Республикасынын адвокаттык ишмердүүлүктү жана адвокатура институтун жөнгө салуучу мыйзамдарынын жоболорун толуктаган акт болуп саналат жана алар менен чогуу колдонууга жатат.

1.4. Өзүнүн кесиптик милдеттерин аткарганда адвокат өзүнүн иш-аракеттери менен иштерди адилеттүү териштирүүгө жана кароого, сот процессине, адвокаттын кесибин, ар-намысын жана абийирин коргоого түрткү болот.

Сканировано с CamScanner

1.5. Жарандык жана юридикалык жактарга квалификациялуу юридикалык жардам көрсөткөндө, бардык соттук инстанцияларда, бийликтин бардык органдарынын, уюмдардын астында алардын өкүлү болгондо, адвокат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган коргоону жүзөгө ашыруунун ар кандай каражаттарын колдонууга укуктуу болот.

1.6. Ушул Кодекстин иш-аракети адвокаттарга, анын ичинде макамы токтотулгандарга, адвокаттын адвокаттардын Съездине, адвокаттардын Жалпы чогулушуна, Этика боюнча комиссиянын отурумдарына катышуусуна жана адвокаттык коомчулуктун башка иш-чараларына жайылтылат.

1.7.Адвокаттык этика эрежелерин сактоо зарылдыгы адвокаттын лицензиясынын жана Адвокатурага мүчөлүгүнүн болушунан келип чыгат.

1.8Соттук талаш-тартыштардын алдын алуу адвокат тарабынан көрсөтүлүүчү юридикалык жардамдын ажырагыс бөлүгү болуп саналат, ошондуктан адвокат тынчтык келишимине тоскоол болгон бардык нерселерди жоюуга кам көрөт.

**2-берене. Адвокаттардын кесиптик ишмердүүлүгүнүн принциптери**

*2.1. Көз карандысыздык принциби.*

Адвокат ар кандай тышкы же ички (корпоративдик) таасирден толугу менен көз карандысыз болууга милдеттүү. Ал Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүгү жөнүндө» Мыйзамдын, башка нормативдик укуктук актылардын, Адвокатуранын Уставы жана Кодекстин чегинде гана иш алып барат.

*2.2. Ишенимдүүлүк жана ишеним принциби.*

Ишеним берүүчүнүн адвокатка болгон ишеними кесиптик ишмердүүлүктүн түйүндүү элементи болуп саналат. Адвокат өзүнүн милдеттерин аткарууда компетенттүүлүктү, объективдүүлүктү, принциптүүлүктү, чынчылдыкты, ак ниеттүүлүктү көрсөтүүнүн аркасында ишенимди колдоого жана бекемдөөгө тийиш.

*2.3. Купуялуулук принциби.*

Юридикалык жардам көрсөтүү процессинде адвокат тарабынан алынган бардык маалымат купуя деп эсептелет.

Купуялуулукту сактоо мезгилдик чектөөлөргө ээ болбойт: адвокат маалыматтарды ишеним берүүчүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана же мыйзамда так белгиленген учурларда гана жарыялай алат.

Сот адилеттигинин же ишеним берүүчүнүн укуктарын коргоонун кызыкчылыктарында маалыматты жарыялоо зарылдыгын тастыктаган ишеним берүүчүнүн өзүн каралоосу барлыгында гана өзгөчөлүктөргө жол берилет.

*2.4. Ишеним берүүчүнүн кызыкчылыктарынын артыкчылыктуулугу принциби.*

Сканировано с CamScanner

Юридикалык жардам көрсөткөндө адвокат ишеним берүүчүнүн кызыкчылыктарын биринчи орунга коюп, мыйзамдардын алкактарында жана этикалык ченемдерди сактоо менен анын пайдасына аракеттенүүгө милдеттүү.

*2.5. Кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол берилбестик принциби.*

Эгерде алардын турумдары ажырымдалса же кызыкчылыктардын кагылышуусу тобокели бар болсо, адвокат бир эле мезгилде бир нече ишеним берүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоого укуксуз болот.

Кызыкчылыктардын кагылышуусу айкындалган учурда адвокат жагдайларды жазуу жүзүндө каттоого жана бир же бир нече тараптардын кызыкчылыктарын коргоону кечиктирбей токтотууга милдеттүү.

Адвокаттардын ортосунда жекече же кесиптик чыр-чатактар келип чыккан учурда, тараптар бири-бирине сый-урмат көрсөтүшүп, пикир келишпестиктерди жөнгө салууга карай ыктыярдуу чараларды көрүүлөрү тийиш.

**3-берене. Адвокаттын милдеттери**

3.1. Адвокат төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын, Кесиптик этика кодексинин ченемдерин сактоого;

2) Адвокатура тарабынан аныкталган өлчөмдө жана тартипте мүчөлүк төгүмдөрдү төлөөгө;

3) ишеним берүүчүлөрдүн укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, коргоо астындагыларга сот адилеттигине жетүүнү камсыздоо үчүн мыйзамда каралган бардык каражаттарды жана ыктарды колдонууга;

4) ага юридикалык жардам көрсөтүүгө байланыштуу белгилүү болуп калган маалыматтарды жардам үчүн кайрылгандын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз жарыялабоого;

5) ал адвокаттык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыргандыгына байланыштуу ага ишенилген же белгилүү болуп калган, мамлекеттик сырларды түзгөн маалыматтарга мамиле кылуунун аныкталган тартибин сактоого;

6) үч жылда бир жолудан кем эмес өзүнүн билимдерин өркүндөтүүгө жана өзүнүн квалификациясын жогорулатууга;

7) «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган учурларда лицензиянын иш-аракетин токтотуу жөнүндө арыз менен кайрылууга;

8) Юридикалык жардам көрсөтүү үчүн ага кайрылышкан адамдардын, ишеним берүүчүлөрдүн, кесиптештеринин жана башка адамдардын укуктарын,

Сканировано с CamScanner

абийирин жана ар-намысын сыйлоого, иштиктүү стилге ылайык келген жүрүм-турум манерасын жана кийим-кече стилин сыйлоого;

9) Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине билдирмелер жана кабарламалар үчүн дареги, анын ичинде электрондук, телефону жөнүндө актуалдуу маалыматты билдирүүгө;

10) адвокаттык ишмердүүлүктү Интернет тармагын колдонуу менен жүзөгө ашырганда адвокат ал маалыматты өткөрүп берүүнүн жана кабыл алуунун толуктугу, анын купуялуулугун жана сакталгандыгын камсыздоо жаатында сала турган чектөөлөрдү көңүлгө алууга тийиш. Адвокат Интернет тармагын колдонуу менен адамдардын аныкталбаган чөйрөсүнө даректелген жана/же жеткиликтүү болгон юридикалык жардам көрсөтүү, кесиптик кеңештерди жана юридикалык кеңеш берүүлөрдү берүү жолу менен адвокаттык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга этияттык менен мамиле кылуусу керек (мисалы, форумдарда, социалдык тармактарда, блогдордо жана башкаларда колдонуучулардын суроолоруна жоопторду жайгаштыруу);

11) Интернет тармагында байланыштарды түзүүдө жана баарлашууда адвокат кесибине мүнөздүү токтоолукту, этияттыкты жана сыпайылыкты көрсөтүүгө тийиш. Адвокаттардын алар катышпаган кылмыш иштеринин жагдайларын жана ошол иштерге катышып жатышкан адвокаттардын укуктук турумдарын ачык түшүндүрмөлөөсүнө жол берилбейт. Бардык учурларда адвокат башка адвокаттардын ар-намысын төмөндөтүүгө же кесиптик сапаттарын кемсинтүүгө багытталган ачык түшүндүрмөлөөлөрдөн кармануутa тийиш.

12) адвокаттар тарабынан конкреттүү иштерди түшүндүрмөлөөдө мындай түшүндүрмөлөөлөр иштеп жаткан мыйзамдардын жоболорун жана үчүнчү жактардын укуктарын бузушпаганы, ошондой эле иштеп жаткан мыйзамдар, Адвокаттын кесиптик этика кодекси менен адвокаттарга жана адвокаттык ишмердүүлүккө карата аныкталган талаптарга жооп беришкени зарыл. Адвокат адвокатуранын салттары шектелип жана айыпталып жаткан адамдарды ачык уяткаруу менен шайкеш келбестигин эске алуусу керек;

13) Интернет тармагындагы адвокаттын ар кандай билдирүүсү, анын ичинде укуктук ченемдерди, сот өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн, анын катышуучуларынын иш-аракеттерин талкуулоодогу жана түшүндүрүүдөгү, жоопкерчиликтүү, ишенчиликтүү болууга жана адашууга киргизбөөгө тийиш;

14) Интернет тармагында маалыматты ачык жайгаштырууну анын купуялуулугун камсыздоо жаатындагы жогору даражадагы тобокелдүү жүрүм-турум катары кароо керек. Адвокаттар өздөрүнүн интернет-ресурстарын сырткаркы маалыматтын барлыгына үзгүлтүксүз текшерүүлөрү абзел. Адвокат Интернет тармагындагы ар кандай эсептик жазуунун максималдуу купуялуулугунун көрсөткүчтөрүн колдонуу жайгаштырылган маалыматты толук коргоону кепилдебей турганынан чыгуусу керек;

15) Адвокаттар Интернет тармагында жамааттык каттарга жана кайрылууларга кол коюуга, ошондой эле башка жамааттык акцияларга

Сканировано с CamScanner

катышууга акыл-эстүү калбааттык жана адвокаттардын кесиптик жүрүм-турумунун прициниптери менен ченемдерин жана адвокатуранын салттарын кыйшаюусуз сактоо менен мамиле кылуулары керек. Адвокат Интернет тармагында адвокаттык корпорациянын атынан билдирүүлөрдү жасабоосу жана өзүнүн пикирин жалпы адвокаттык жамааттын пикири катары бербөөсү керек.

3.2. Адвокат адвокаттык ордер жана ишеним кат боюнча өкүл, ошондой эле укуктук тутумдун расмий адамы катары юридикалык жардамдын сапаты үчүн өзгөчө жоопкерчилик тартат.

3.3. Адвокат ишеним берүүчүгө мыйзамда каралган анда бар укуктар жана милдеттер жөнүндө маалымдоого тийиш.

3.4. Адвокат процесстин мелдештүүлүгү, карама-каршылыктуулугу эрежелерине ылайык ишеним берүүчүнүн турумун активдүү талашуусу абзел.

3.5. Адвокат ишеним берүүчү үчүн жагымдуу натыйжага жетишүүгө умтулуусу кажет.

3.6. Адвокат, өзүнүн кызматтарын аткарып жатып, ишеним берүүчү менен үзгүлтүксүз байланышты кармануугa жана анын иш боюнча кызыкчылыктарына тиешелүү бардык маселелерди аны менен талкуулоого, адвокаттык сырды сактоого тийиш.

3.7. Адвокаттын юридикалык жардамды көрсөтүүдөгү жүрүм-туруму мыйзамдын талаптарына шайкеш келүүсү абзел.

3.8. Адвокат сот адилеттигинин аткарылуусунун жана юридикалык жардамдын сапатын жакшыртууга жетишүүгө тийиш.

3.9. Адвокат мамлекеттик кызматта боло албайт. Ал ишмердүүлүктүн калган түрлөрүнүн үстүнөн иштөөгө укуктуу.

**4-берене. Адвокаттын ишеним берүүчү менен мамилелери**

4.1. Адвокат ишеним берүүчү менен түзүлгөн жазуу жүзүндөгү макулдашуунун же аны дайындоо жөнүндө токтомдун (аныктаманын) негизинде юридикалык жардам көрсөтөт.

4.2. Адвокат өзүнүн тажрыйбасына же тергөө органдарынын, соттун, мамлекеттик органдын, уюмдун кызмат адамдары менен жакшы мамилелерине шилтеме жасап, ишеним берүүчүгө иштин ийгиликтүү бүтүүсүнө кандайдыр бир кепилдиктерди же ишендирүүлөрдү берүүгө жана аны үмүттөндүрүүгө укуксуз. Адвокат ишеним берүүчүнүн ишенимдүү адамы менен да макулдашуу түзө алат.

4.3. Адвокат төмөнкүлөргө укуксуз:

1) юридикалык жардам көрсөтүү үчүн ага кайрылган адамдан тапшырма алууга, эгерде ал биле туруп мыйзамсыз мүнөзгө ээ болгон учурда;

2) юридикалык жардам көрсөтүү үчүн ага кайрылган адамдан тапшырма алууга, эгерде ал:

Сканировано с CamScanner

а) кызыкчылыктары жардам үчүн кайрылган адамдын кызыкчылыктарына каршы келген ишеним берүүчүгө берилген иш боюнча юридикалык жардам көрсөтүп жатса же мурда көрсөткөн болсо (тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча ортомчу катары чыккан учурларды кошпогондо);

б) ишеним берүүчү менен макулдашуунун предмети боюнча берилген адамдын кызыкчылыгынан айырмалуу өз алдынча кызыкчылыкка ээ болсо;

в) иште сот, прокурор, иликтөө ишин жүргүзгөн адам, тергөөчү, медиатор, эксперт, адис, котормочу, күбө, жабырлануучу же жарандык доогер же жарандык жоопкер катары катышкан болсо;

г) берилген адамдын ишин тергөөгө же кароого катышкан же катышып жаткан кызмат адамы менен бир туугандык же үй-бүлөлүк мамилелерде турса;

3) иш боюнча ишеним берүүчүнүн же коргоо астындагынын эркине каршы турумду ээлөөгө, адвокат ишеним берүүчүнүн же коргоо астындагынын өзүн каралоосу барлыгына ынанган учурларды кошпогондо;

4) кийинкиге юридикалык жардам көрсөтүү менен байланыштуу, ишеним берүүчүнүн же коргоо астындагынын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз ишеним берүүчү же коргоо астындагы тарабынан ага билдирилген маалыматтарды жарыялоого;

5) өзүнө алынган коргоодон баш тартууга. Төмөнкүлөрдөн улам адвокаттын юридикалык жардамды токтотуусу өзүнө алынган коргоодон баш тартуу болуп саналбайт:

а) юридикалык жардам көрсөтүү үчүн кайрылган адамдын, юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашууга ылайык акы төлөөнү жүзөгө ашырбоосунан;

б) юридикалык жардам көрсөтүү үчүн кайрылган адам менен юридикалык жардам көрсөтүүнү токтотуу жөнүндө макулдашуу түзүүдөн.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык ишеним берүүчү үчүн жагымдуу натыйжага жетишүү үчүн ишеним берүүчүнүн көрсөтмөлөрүнө каршы юридикалык жардам көрсөтүү да өзүнө алынган коргоодон баш тартуу болуп саналбайт;

6) эгерде ал медиация жол-жобосунун тараптарынын бирине жашыруун иш боюнча юридикалык жардам көрсөтүп жатса же мурда көрсөткөн болсо, медиатор катары чыгууга.

4.4. Тапшырманы аткарууну мүмкүн эмес кылган жагдайлар келип чыккан учурда, ал башка адвокатка кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болсун үчүн, адвокат бул жөнүндө ишеним берүүчүгө токтоосуз кабарлоого тийиш.

4.5. Соттук процесстерде адвокат алардын кызыкчылыктары иш боюнча кесилишпесе дагы, бирок процесстин бул катышуучулары ар түрдүү турумдарды карманышкан бир нече адамдарды коргоону же алардын өкүлү болууну өзүнө алууга укуксуз болот.

Сканировано с CamScanner

4.6. Дайындоо боюнча тапшырма аткарып жаткан адвокат, ишеним берүүчүгө анда макулдашуу боюнча адвокатты чакыруу укугунун барлыгын түшүндүрө алат.

4.7. Адвокат өзүнүн күнөөсүн моюнга албай жаткан айыпталуучуну колдоого жана анын турумун негиздөөгө тийиш. Адвокат башка турумду ээлөөгө укуксуз.

4.8. Коргоо астындагыы айыптоонун негизинде жаткан фактыларды моюнга алганда, адвокат коргоо астындагыга анын турумунун соттук келечегин түшүндүрүүгө тийиш, бирок адвокат коргоо астындагынын өзүн каралоосу барлыгына ынанган учурларды кошпогондо, адвокаттын туруму коргоо астындагынан турумунан айырмаланбоосу абзел.

4.9. Эгерде коргоо астындагынын айыптуулугун моюнга алуусу айыпталуучуга мыйзамсыз таасир кылуу менен чакырылган болсо, адвокат ошол жагдайды аныктоого карата андан көз каранды болгон бардык зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү.

4.10. Адвокат, өзүнүн коргоосу астындагыга юридикалык жардам көрсөтүп жатып, башка айыпталуучунун айыптоочусуна айланбоосу абзел. Ал коргоо астындагыны коргоо үчүн зарыл чектерде гана тең айыпталуучулардын бетин ачкан жагдайларды айкындоого, коргоо астындагынын иш-аракеттеринен жумшартуучу жагдайларды издеп табууга, башка адамдын айыптуулугун далилдебестен, тийиш.

4.11. Ишеним берүүчүгө мыйзамга каршы келген талаптар коюлганда же ал аны коргоо үчүн коргоонун мыйзамсыз каражаттары менен ыктарын колдонууну талап кылганда, адвокат ага анын талаптарынын мыйзамсыздыгын түшүндүрүүгө тийиш.

## 5-берене. Адвокаттын сот менен, процесстин башка катышуучулары менен мамилелери

5.1. Сот процессине катышып жатып, адвокат процесстик мыйзамдар тарабынан аныкталган ченемдерди катаал сактоого жана төрагалык кылуучунун тескемелерине баш ийүүгө милдеттүү. Мында адвокатка карата милдеттүү талаптар процесстик ченемдерди сактоо, сотко жана процесстин катышуучуларына болгон сый болуп саналат.

5.2. Сот процессинин жүрүшүндө адвокат сотко анын мыйзамдуу, негизделген жана адилеттүү өкүмдү кабыл алуусуна түрткү болууга тийиш. Ушул максаттарда адвокат сот процессине, далилдерди изилдөөгө активдүү катышат, текшерилген фактыларга, материалдарга таянып, сотко өзүнүн жүйөөлөрүн, далилдерин келтирет, далилдердин ишенчиликтүүлүгүнө жана жол берилүүчүлүгүнө карата зарыл талаптуулукту көрсөтөт.

5.3. Мыйзамда аныкталган тартипте соттук процессте төрагалык кылуучунун, прокурордун, процесстин катышуучуларынын жана башка адамдардын иш-

Сканировано с CamScanner

аракеттерине каршылык билдирип, адвокат кармана билүүнү жана тактыны көрсөтүүгө милдеттүү.

5.4. Сот процессине, тергөөнүн жүрүшүндөгү суроктарга же процесстин башка стадияларына катышып жатып, адвокат жабырлануучулардын, күбөнүн, доогерлердин, жоопкерлердин, процесстин катышуучуларынын жана башка адамдардын абийирин жана ар-намысын кемсинтүүчү суроолорду бербөөгө тийиш, адвокат аларга сый менен мамиле кылуусу абзел.

5.5. Ар кандай жагдайларда адвокат коргоо астындагы менен узактык мезгилин чектөөсүз көзмө-көз жолугушууну талап кылууга укуктуу болот.

5.6. Кармоочу жайда турган коргоо астындагы менен жолугушууда адвокат кармоо жайынын эрежелерин, камак астында турган адамдар менен баарлашуунун тартибин жана шарттарын жөнгө салган ченемдерди сактоого милдеттүү. Ал кармоо жайларында кимге болбосун каттарды, буюмдарды, азык-түлүктөрдү, тыюу салынган предметтерди аныкталган эрежелерди айланып өтүп берүүгө, кимден гана болбосун эмнени гана болбосун алууга, анын ичинде башка адамдарга берүү үчүн кандайдыр бир жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү же башка буюмдарды, предметтерди алууга укуксуз болот.

5.7. Адвокат тергөө иш-аракеттерин, сот процессин кийинкиге калтырууга, сотко келбей коюуга, жүйөөлүү себептерсиз тутумдуу кечигүүлөргө жол берүүгө тийиш эмес. Жүйөөлүү себептер келип чыккан учурда бул жөнүндө сотко жана башка органдарга күн мурун билдирүүгө милдеттүү.

**6-берене. Адвокаттын Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын башкаруу органдары менен мамилелери**

6.1. Адвокат адвокаттардын Съездинин, Жалпы чогулушунун, Адвокаттар кеңешинин, текшерүү комиссиясынын, Этика боюнча комиссиясынын алардын кызматтарын жүзөгө ашыруу бюнча ишине активдүү көмөктөшүүгө милдеттүү.

6.2. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын башкаруу органдарынын, аймактык адвокатуранын башкаруу органдарынын, ревизиялык комиссиясынын мүчөлөрү жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын башка мүчөлөрү «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Уставына, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын башка ченемдик (ички) актыларына, адвокаттардын Съездинин, Адвокаттар кеңешинин, адвокаттардын Жалпы чогулушунун жана аймактык адвокатуранын башкармалыгынын чечимдерине баш ийүүгө милдеттүү. Ушул чечимдер менен макул болбогондо Адвокатуранын мүчөсү аларга аныкталган тартипте даттанууга укуктуу.

6.3. Адвокат кесиби боюнча кесиптештерине сый мамиле кылууга, адвокаттык жамаатта дени сак адептик-психологиялык климатты колдоого, кесиптик иш

Сканировано с CamScanner

тажрыйбасы менен бөлүшүүгө жана аларды жаш адвокаттарга, адвокаттардын жардамчыларына өткөрүп берүүгө милдеттүү.

6.4. Адвокат ага башка адвокат катышып жаткан иш боюнча тапшырманы алганда, ага процессте өзүнүн чыгып сүйлөй турганы жөнүндө маалымдоого тийиш.

6.7. Адвокат башка тарап менен ошол тараптын адвокатынын катышуусусуз баарлашууга укуксуз, экинчи тарап адвокаттын кызмат көрсөтүүлөрүнөн баш тарткан учурларды кошпогондо.

6.8. Адвокат ишеним берүүчүнүн ага башка адвокат менен чогуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө сунушу келип түшкөндө, кийинкисинин макулдугуна көзү жетүүгө тийиш. Кийинкиси ишти чогуу жүргүзүү жөнүндө каршылык билдиргенде адвокат ишеним берүүчүгө анын ошол адвокаттардын кимдир бирөөнү тандоо укугу жөнүндө түшүндүрүүгө милдеттүү.

6.9. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын, Этика боюнча комиссиясынын жана аймактык адвокатуралардын башкаруу органдарына жана алардын мүчөлөрүнө адвокаттардын укуктарын бузууга тыюу салынат.

**7-берене. Тартиптик өндүрүштүн чаралары**

7.1. Тартиптик өндүрүш адвокатка карата даттанууларды, сунуштарды, кайрылууларды өз убагында, объективдүү жана адилеттүү кароону, аларды адвокаттык иш жана адвокатура жөнүндө мыйзамдарга ылайык чечүүнү, ошондой эле кабыл алынган чечимди аткарууну камсыздоого тийиш.

7.2. Тартиптик жоопкерчиликтин чараларын аныктаганда жасалган жоруктун оордугу, аны жасоонун жагдайлары, айыптын формасы, тутумдуулугу, бир жолку эместиги, кайталануучулугу, одонолугу, маанилүү деп табылган жана чечимди чыгарууда көңүлгө алынган башка жагдайлар эске алынууга тийиш.

7.3. Адвокатка карата тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонуу Этика боюнча комиссиянын өзгөчө компетенциясынын предмети болуп саналат.

Этика боюнча комиссия тартиптик жоопкерчиликтин төмөнкү чараларын корүүгө укуктуу болот:

1) эскертүү;

2) сөгүш.

Этика боюнча комиссия Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине лицензиянын иштөөсүн токтотуу же лицензиядан ажыратуу жөнүндө сунуш киргизүүгө укуктуу.

Этика боюнча комиссиянын чечими биротоло болуп саналат. Этика боюнча комиссиянын чечими Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте сотто даттанууга жатат.

Сканировано с CamScanner

7.4. Эгерде тартиптик жаза салынган күндөн баштап жыл ичинде адвокат жаңы тартиптик жазага дуушар болбосо, ал тартиптик жазага ээ эмес деп эсептелет.

**8-берене. Адвокаттык сыр**

8.1. Адвокатка болгон ишенимдин шарты анын адвокаттык сырды сактоосу болуп саналат. Адвокаттык сыр адвокат тарабынан ишеним берүүчүдөн же болбосо башка адамдардан юридикалык жардам көрсөтүүгө байланыштуу алынган ар кандай маалыматтарды камтыйт жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына ылайык корголот.

8.2. Адвокаттык сырды сактоо адвокаттын милдети болуп саналат жана ал тарабынан тиешелүү маалыматтарды алган учурдан баштап өткөн мөөнөттөн көз карандысыз сакталат.

8.3. Адвокат адвокаттык сырды сактоо боюнча милдеттенмеден ишеним берүүчүнүн өзүнөн башка эч ким тарабынан бошотула албайт. Ишеним берүүчүнүн адвокаттык сырды түзүүчү маалыматты ачууга макулдугу, жазуу жүзүндөгү формада билдирилген жана ыктыярдуу, тышкы басымсыз берилген болуусу абзел.

8.4. Ишеним берүүчүнүн макулдугусуз адвокат адвокаттык сырды түзгөн маалыматтарды, төмөнкүлөр үчүн зарыл болгон өзгөчө учурларда колдонууга укуктуу:

1) ишеним берүүчү менен болгон талаш-тартыштарда өзүнүн укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн;

2) адвокатка карата козголгон тартиптик өндүрүштүн же соттук иштин алкагында коргоо үчүн.

8.5. Адвокаттык сырды түзүүчү маалыматтарга ал тарабынан кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу менен байланышта алынган ар кандай маалыматтар, аларды алуунун формасынан жана булагынан көз карандысыз, киришет. Бул адамдын юридикалык жардам үчүн кайрылуу фактысын; ишеним берүүчү жөнүндө жекече, мүлктүк жана башка маалыматтарды, өзгөчө укуктук коргоого жатуучу жекече маалыматтарды жана кабарларды кошо; ишеним берүүчү же болбосо башка адамдар тарабынан юридикалык жардам көрсөтүү процессинде же аны даярдоого байланыштуу берилген маалыматты; адвокат тарабынан ишти жүргүзүүнүн жүрүшүндө чогултулган же даярдалган материалдарды (анын ичинде далилдерди, корутундуларды, жумушчу же ички документтерди); укуктук кеңеш берүүлөрдүн, кеңештердин, корутундулардын жана юридикалык жардамдын башка формаларынын, анын ичинде оозеки дагы, мазмунун; адвокат менен ишеним берүүчүнүн ортосундагы бүткүл кат жазышууну жана коммуникацияны, анын ыгынан көз карандысыз (анын ичинде электрондук); юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө түзүлгөн макулдашуунун шарттарын жана деталдарын, наркы, акы төлөө тартиби жана эсептешүүлөр жөнүндө маалыматтарды кошо; ошондой эле кесиптик милдеттерин аткарууга байланыштуу адвокатка белгилүү болуп

Сканировано с CamScanner

калган ар кандай башка маалыматтарды камтыйт, бирок муну менен чектелбейт, эгерде мындай маалыматтарды жарыялоо ишеним берүүчүнүн кызыкчылыктарына зыян келтире алса же купуялуулуктун аныкталган деңгээлин буза алса.

8.6. Адвокат кесиптик милдеттерин аткарууга байланыштуу ага белгилүү болуп калган жагдайлар боюнча күбө катары суракка алынууга укуксуз, мыйзамда каралган учурларды кошпогондо.

8.7. Ишеним берүүчүнүн макулдугусуз адвокат менен ишеним берүүчүнүн ортосундагы макулдашуудан келип чыгуучу акчалай милдеттенмелер боюнча талап кылуу укуктарын үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө жол берилбейт.

8.8. Адвокаттык ишмердүүлүктү өнөктөштүк макулдашуулардын негизинде жүзөгө ашырганда адвокаттык сыр тиешелүү адвокаттык курулманын бардык катышуучуларына жайылтылат, юридикалык жардам чогуу көрсөтүлгөн шартта.

8.9. Адвокаттык сырды сактоо боюнча милдеттенме адвокаттык курулманын жардамчыларына да таркалат. Көрсөтүлгөн адамдар адвокаттык сырды сактоонун эрежелери менен милдеттүү тааныштырылууга тийиш жана маалыматтарды жарыялабоо жөнүндө кагаз жүзүндөгү тил кат беришет.

**9-берене. Корутунду жоболор**

9.1. Ушул Адвокаттардын кесиптик этика кодекси Кыргыз Республикасынын адвокатурасынын бардык мүчөлөрүнө таркалат.

9.2. Адвокат ушул Кодекс менен милдеттүү түрдө тааныштырылууга жана практикалык ишмердүүлүктө аны жетекчиликке алууга тийиш.

9.3. Адвокаттардын этикалык эрежелерди сактоосу «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, ушул Кодекс жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика комиссиясы жөнүндө жобо менен кепилденет.

9.4. Адвокаттардын кесиптик этика кодекси адвокатка өзүнүн кесиптик милдеттерин татыктуу, чынчыл, компетенттүү, майнаптуу жана кандайдыр бир таасирлерден көз карандысыз аткарууга жардам кылууга чакырылган.

9.5. Адвокаттын ушул Кесиптик этика кодексинин жоболорун аткарбоосу аныкталган тартипте тартиптик жоопкерчиликти алып келет.

9.6. Адвокаттардын кесиптик этика кодекси аны адвокаттардын Съезди бекиткен күндөн баштап күчүнө кирет жана тескери күчкө ээ болбойт.

**Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын**
**Адвокаттар кеңешинин төрайымы** **М. А. Бегилерова**

Сканировано с CamScanner